УДК:94(5)(С54)-92

Алымбеков К.А., Сооронбаева Ч.К.

*К. Тыныстанов ат. ЫМУ*

# АБДЫКЕРИМ СЫДЫКОВДУН МАМЛЕКЕТТИК САЯСИЙ ИШМЕРДҮҮЛҮГҮНҮН ӨЗГӨЧӨ УЧУРЛАРЫ

*Бул макалада кыргыздын чыгаан уулу, большевиктер партиясынын мүчөсү Абдыкерим Сыдыков тууралуу маалымат берилет. Анын мамлекеттик кызматтарда аткарган саясий ишмердүүлүктөрү баяндалды. Ал инсандын өмүрүндөгү олуттуу мезгилдерди кыскача эскерип, тарыхтагы айрым маалыматтарды тактоо менен иликтеп изилдөөгө алынды.*

1918-жылы сентябрда А.Сыдыков большевиктер партиясынын катарына өткөн. 1919-ж апрель айында Түркстан коммунисттик партиясынын II сьездинде КПТ Мусулман бюросу түзүлгөн. Бул маселе боюнча кабыл алынган резолюцияда «Мусулман бюросу Крайкомдун алдындагы жардамчы орган катары партиянын мусулман бөлүгүнө партиялык жетекчиликти уюштурат. Анын милдети үгүттөө–уюштуруучулук жана пропагандисттик иштерди жүргүзүү, кадрларды даярдоо жана тарбиялоо, эне тилинде партиялык басылмаларды жана адабияттарды чыгаруу». Түркстан Крайлык мусулман бюросунун курамы түзүлүп, төрагалыгына Т.Рыскулов шайланган. Кыска убакыт ичинде Мусулман бюросунун областтык жана уезддик бөлүмдөрү түзүлүп, жергиликтүү улуттардын арасында коммунисттик идеяларды пропагандалоо жана аларды партиянын катарына тартууда кеңири иштер жүргүзүлө баштаган. Алардын түзүлүшү менен жер-жерлерде мусулман калкынын партияга өтүшү күчөп, жергиликтүү улуттун өкүлдөрүн башкарууга тартыла баштаган. Ошол учурда кыргыз жергесинде болуп жаткан социоэтникалык абал салттык улуттук–уруулук–туугандык жагдай европалык келгиндер үчүн жат көрүнүш болгон. Анткени кыргыз жашоосундагы өзгөчө абройго ээ болгон «манап» бийлигин туура түшүнгөн большевиктер өз тараптарына аларды тартуу үчүн күч жумшашкан. Калк арасынан суурулуп чыккан билимдүү жаштар чыкканча манаптар менен иштешүү туура келген. Катуу темирдей тартиптеги партиялык дисциплинанын катарына Туркестан коммунисттери солчул эсерлерди жана большевиктерди да кошкон. Ал учурда меньшевиктер менен большевиктердин айырмасын жергиликтүү эл айырмалай албагандыктан, жалпы бир социал-демократтар ячейкасына кирген. Тактоо үчүн айта кетсек, 1922-жылы компартия курамына 75-80 пайызы сабатсыз динге ишенген жөнөкөй адамдар тобу болгон. Мындай пайыз кийинки ачуу тагдырды сунган репрессияга, «тазалоо» иштерине «кенен жол» ачып турган эле. 1919-жылдын жаз айларына чейин А.Сыдыков Туркестандагы мусулмандар секциясында иштеген. А.Сыдыков КПТ обкомунун Мусбюросунун төрагасынын орун басарлыгына шайланган. 1919-жылы аяганда Токтом уездинде коммунист - кыргыз дунгандардын саны 1154, Пишпек уездинде – 3993 чейин өскөн. Түшүнүктүү болуш үчүн ушул мусулман бюросуна токтоло кетели. Жогоруда белгилегендей, мусулман бюросу өзүнчө партия эмес, Түркстан Коммунисттик партиясына баш ийген орган болгон. Ошол эле 1918-жылынын аягында Туркестан аймагында биринчи дүйнөлүк согушта туткунга түшкөн 50 миңдей чет элдик жарандар бар эле. Октябрь революциясынан кийин Совет бийлиги аларга эркиндиктерди берип,

алардын көпчүлүгү мекенине кайтпастан Туркестанда калып, коммунисттик партиянын катарына өтүшүп, 1918-жылы декабрда чет элдик коммунисттердин крайлык уюмун түзүшөт. Бул уюмдун төрагасы болуп, ар кайсы мезгилде Ф.Фаглер (немец), Свобода Г. (чех), Габор И. (венгр) иштешкен.

1919-ж.Туркестан коммунисттик партиясына саясий идеялык жактан «Жардам көрсөтүү» боюнча борбордон кеңири мандат менен Турккомиссиясына курамында Элиева Ш.З., Фрунзе М.В., Куйбышев В., Рудзутак Я.Э. ж.б. келет. Турккомиссия Туркестан компартиясынын идеялык уюштуруу абалын текшерип чыгып, «бир катар жетишкендиктерди жана каталарды» табышкан. Атап айтканда «Туркестанда комиссия келген мезгилде бири-бирине баш ийбеген 3 крайлык комитет болгон: РКП (б) Крайлык комитет, Крайлык Мусулман бюро жана Крайлык чет элдик коммунисттер комитети. Өз алдынча болгондуктан, Мусбюро көпчүлүгү Крайкомдун чечимдерине каршы келген чечимдерди кабыл алган. Мусбюро автономдуулукка ээ болуу менен, өз эркин башка партиялык уюмдарга таңуулаган. 1920-жылы 12-январда Туркестан компартиясынын 5 крайлык конференциясында Крайлык мусбюронун төрагасы Т.Рыскулов Туркестан компартиясынын «Түрк Компартиясы», Туркестан АССРин «Турк Советтик Республикасы» деп атоону сунуш кылат. Т.Рыскулов сунуш кылган «Турк Советтик Республикасынын» негизделиш долбоорунун биринчи пунктунда :

1. Беш областтан турган Туркестан түрк элдеринин өлкөсү деп эсептелсин: – кыргыздар, сарттар, өзбектер, түркмөндөр, каракалпактар, кыпчактар, түрк элине кирбеген тажиктер, калган калктары – орустар, еврейлер, армяндар, ж.б. келгин элемент катары саналсын.
2. Туркестан Республикасын өз тагдырын өзү чечкен түпкүлүктүү түрк элинин улуттук Советтик Республикасы болуп саналсын.
3. Турк республикасынын курамына кирүүнү каалаган жаңы түрк республикаларына эшик ачык.

Бул жерде өз алдынча түрк элдеринин бирдиктүү мамлекетин түзүү жөнүндө сөз жүрүп жаткан. Түрк Республикасын түзүү долбоорунун авторлору андан ары кетишип, мусулман армиясын түзүүнү сунушташкан. Бирок бул долбоор борбордук бийлик тарабынан четке кагылып, ишке ашкан эмес. Кийин 1937-38-жылдарда турк Республикасын түзүүнүн авторлоруна «пантуркист», «панисламист» деген жарлык тагылып, бардыгы репрессияга дуушар болушкан. Анын ичинде 1919-жылы КПТ обкомунун мусбюросунун төрагасынын орун басары болуп иштеген А.Сыдыков да бар эле. Жогорку Турккомиссиясынын чечими менен 1920-жылы мартта Мусбюро жоюлуп, Туркестан Компартиясына кошулуп, А.Сыдыков Жети-Суу обкомунун уюштуруу бөлүмүнүн башчылыгына бекитилет. 1921-жылы 8-июлда Советтердин Жети-Суу областтык аткаруу комитетинини төрагасынын орун басары, андан соң төрагасы болуп дайындалат. А.Сыдыковдун большевиктик партияга мүчөлүгү жөнүндө маселе 1920-жылы каралган Советтердин Бүткүл Түркстандык IX-сьездинин президиумуна кандидаттарды талкуулап жаткан мезгилде А.Сыдыков «мурдагы бай жана полицейский» катары сьездин Коммунисттик фракциясында боло албайт деген маселе коюлат. Ал эч качан полицей кызматкери болгон эмес, бирок колонияларда киргизилген тартипте Кыргызстандын түндүк уездеринин делегаттарынын арызын жана өтүнүчүн карап чыгып, Коммунистик фракциянын

кабыл алган токтомунда төмөнкүдөй жазылган: « ... эске алынсын жолдош А.Сыдыков Коммунисттик партиянын мүчөсү деп таанылсын». Ошол мезгилден баштап А.Сыдыковду большевиктер партиясынын мүчөсү катары жамандап, каралоо иштери башталган. Кезектеги пландуу түрдөгү тазалоо иштеринде каршылаштары тез эле «А.Сыдыков мурдагы полицей кызматкери» деп партиядан чыгарууга да үлгүрүшкөн. Тынымсыз жана кыйшаюсуз тыкыр текшерүү үч айга созулуп, 1922-жылы 23-мартта Жети-Суу областтык аткаруу комитетинин төрагалыгынан четтетилет. Июль айында партиянын катарында калтырылып, бирок Жети-Суудан чакырылып алынып, Түрк БАКтын карамагына жиберилет. А.Сыдыковдун кыска жана нускалуу өмүр баянында эң бир бактылуу учур болуп ал 1922-жылдын 30-декабрында СССР түзүлгөн Советтердин Бүткүл Союздук I сьездине делегат болуп шайланган кыргыз элинен жападан-жалгыз делегат эле. Ал эми М.В.Фрунзе бул сьездге Украинанын атынан барып катышкан.

1924-жылы 12-май айында ТКПнын Борбордук көзөмөлдөө комиссиясынын партколлегиясы А.Сыдыковду партиядан «жат элемент» катары чыгарат. Ага «Пишпек уездинин начальнигинин жардамчысы болгон жана кыргыз көтөрүлүшүнүн (1916) басканга катышып, 300 ашуун адам өлтүрүлгөн. Ошол эмгеги үчүн Алтын медаль менен сыйланган, Пишпек Советинин эсердик фракциясына мүчө болгон, белгилүү большевиктер Хасанов, Бапаков жана Боোбековду өлтүрүшкөн байлар менен манаптар тобуна жетекчилик кылган» - деген күнөөлөр коюлган. Коюлган айыптоолор текшерилгенден кийин ТКП БКнын Аткаруу бюросу кайрадан партия катарына киргизүүнү кабыл алат.

Кара-Кыргыз автономиялуу областын түзүү ишинен А.Сыдыков четтетилип, Кыргыз тоолуу областын уюштурууга аракет кылган мезгилде бөлүнүү жана улуттук мамлекетти түзүү маселелерине чоң мектептен өткөн А.Сыдыковдун тажрыйбасы көмүскөдө кала берет. Ушундай эмгекчил, мекенине жан дили менен күйгөн улуу адамдын идеясы тебелендиге калганда, Кыргызстан көп нерсени уттурган. Мисалы айта кетели, КТОну уюштуруу мезгилинде А.Сыдыковдун катышуусу менен Кыргызстанга коңшулаш Казакстан менен түндүк чек арасы так бүгүнкү күндөгүдөй бөлүнгөн. Анын катышуусу жок жүргүзүлгөн Кыргызстандын Өзбекстан жана Тажикистан менен бөлүнгөн чек аралары азыр дагы чоң олуттуу проблеманы жаратып, чекит коюлбай келүүдө.

Ошентип, А.Сыдыковду кайрадан партияга кабыл алуу менен Бүткүл Россиялык БАКтын алдында ККАОнун өкүлчүлүгүн уюштуруу боюнча Москвага жиберишкен. Белгилүү бир иште иштебегендиктен, ага РСФСРдеги биринчиси кыргыз элчиси Турдаалы Токбаевди сунуш кылуу тапшырылган. Андан кийин ККАОнун Орто Азиядагы такай өкүлүнө дайындалып, Орто Азиядагы жаңы түзүлгөн республикалар менен областтарынын ортосундагы дооматтарды чечүү менен түздөн-түз байланышкан кызмат эле.

1925-жылы апрелде аны Кыргыз облаткомунун жергиликтүү чарба бөлүмүнүн башчысы кылып дайындашат. 1925-жылы 22-июнунда «отузчулардын» катынан кийин А.Сыдыков «топтордун ишине катышкандыгы жана партиялык комитетке каршы чыккандыгы үчүн» партиядан төртүнчү жолу чыгарылып, «Кыргызстандан чакырылып алынган».

1926-жылы октябрдан баштап Орто Азия мамлекеттик университетинде айыл чарба факультетинин алдында илим-изилдөө бюросунун экономикалык

семинарында кызматкер болуп иштеген. Чоң саясаттан кеткенде А.Сыдыков илимге баш-оту менен кирип, кыргыз элинин тарыхы менен этнографиясын, Тянь-Шандагы көчмөн чарбалардын экономикасын изилдеген. Атап айтсак, 1922-жылы Пишпектеги «Красное утро» газетасына «Кыргыз элинин тарыхынын кыскача очерки», 1930-жылы «Көчмөн топтордо малды жайытка жайууну уюштуруу» илимий макаласы, 1928-жылы Ташкентте өткөн конференцияда «Кыргыздардын урууларга бөлүнүшү» аттуу баяндамасы жана 1928-жылы 20-январда «Орто Азиядагы жут жана чөп-чардын жоктугу жөнүндө. Тарыхый мүнөздөмө» баяндамасы айгинелеп турат. Саясий сүргүндө жүргөнүнө карабастан, Кыргызстанда А.Сыдыковду улуттун чыгаан уулу катары эстеринен чыгарышкан эмес. 1932-жылы май айында Киробкомдун биринчи секретары А.О.Шахрай, экинчи секретары Б.Д.Исакеев, Эл комиссарлар Советинин төрагасы Ж.Абдрахманов атайы Ташкентке келишип, мамлекеттик пландын төрагасынын орун басары – мал чарба бөлүмүнүн башчылык кызматына чакырышат. А.Сыдыковдун кайтып келиши жөнүндөгү маселе Киробкомдун кеңешмесинде чечилген. Бул чакырууну аны партиянын төртүнчү ирет актоосу катары кароого негиз бар. Бул кызматта болгону бир жыл иштеген соң канатын кайрыган, каран түндөй камакка алынып, азаптуу суракка туш болгон.

Тагдыры тайкы, жашоосу албан болгон инсандардын тарыхый улуу жолун унутпай эстей жүрүш адамдык парз.

Адабияттар:

1. Очерки Коммунисттической партии Киргизии. – Фрунзе, 1979.

2. Курманов З., Садыков Э. Абдыкерим Сыдыков: личность и история. – Бишкек, 2002.

3. Плоских В. Курманов З., Бегалиев У. Кыргызстандын улуттук лидери Абдыкерим Сыдыков. – Бишкек, 1999.